Х.Жээнбаев атындагы
мектеп – лицейи

# Адабий окуу

## «Аксак балапан»
(аңгеме)




**USAIDдин “Окуу керемет” долбоору
модуль 1 стратегия 4
“Божомолдоо боюнча иштин
ар түрдүү ыкмалары**

Мугалим: Абдыманапова Ж.А.

Сканировано с CamScanner

ОББ: _______

директор ...

**Сабактын план - конспектиси**

**Күнү:** 19.04.2021

**Предмети: Адабий окуу**

**Классы: 3 «б»**

**Сабактын темасы: «Аксак балапан»**

**Сабактын максаты:**

- Божомолдоонун ар кандай ыкмаларын колдонуу менен сабактын темасын чагылдыруу;
- Чыгарманы элестетүүгө, өздөштүрүүгө аң сезимин өнүктүрүү;
- Окуп түшүнүү менен тажрыйбаларын салыштырууга, ата – энenin сөзүн угуп, үй канаттууларына камкор болууга багыт алуу.

**Күтүлүүчү натыйжа:** окуучулар өз ойлорун эркин айта алышат

**Сабактын тиби:** жаңы билимди өздөштүрүү

**Сабактын усулу:** көрсөтмөлүү, слайддар, суроо - жооп

**Сабактын формасы:** топтор, жуптар менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** сабактын конспектиси, окуу китеби, слайддар, сүрөттөр, гүлдөр, экран, проектор, тастыктоо, моделдер...

**Сабактын стратегиясын колдонуу**

**1-кадам**

**Уюштуруу: а). Саламдашуу**

Сабакты биз баштайбыз

Сабакка биз даярбыз (1-топ)

Сабакты биз баштайбыз

Конокторду сыйлайбыз (2-топ)

Сабакты биз баштайбыз

Алтын эрежени сактайбыз (3-топ)

**б). Жагымдуу маанай** (клоун окуучуларга жагымдуу маанай тартуулайт...)

**в). Алтын эреже.**

* Бири – бирибизди сыйлайбыз

* Убакытты үнөмдөйбүз

Сканировано с CamScanner

• Жаңы маалыматты алабыз

• Активдүү катышабыз

**Г). Жаңы билимди өздөштүрүү.**

**Мугалимдин сөзү:** Саламатсыздарбы, урматтуу агай – эжейлер, сүйүктүү менин окуучуларым, бүгүнкү биздин сабакка куш келиңиздер!

Биз USAIDдин "Окуу керемет" долбоорунун алкагында сабактарды пландаштырып иштеп келе жатабыз, бүгүнкү сабак долбоор боюнча пландалган.

**2-кадам**

**Сүрөттөр боюнча талкуу.**

- Балапан деген эмне билесиңерби, балдар?

(Балапан деген баардык канаттуулардын жаш баласы)

- Сүрөттөрдон эмнелерди байкап жатасыңар?

**3-кадам**

**Сабактын стратегиясы.** Божомолдоо иштин ар түрдүүлүгү.

1. Сабактын темасын ачуу.

- «Төкөр» деген сөздүн маанисин түшүндүрүү – аксак
- Жумурткадан эмне чыгат? – балапан

2. Сабактын стратегиясы. Божомолдоо
3. Сабактын максаты айтылат.

**4-кадам**

Тастыктоо таратылат
Слайддар көргөзүлөт

**5-кадам**

**Тексти окуу.**

**Аксак балапан.**

Биздин короодо бир аксак балапан бар. Мен ага боорум ачып, күн сайын үч маал жем беремин. Аны менен бирге жарык дүйнөгө келген сегиз балапан бөжөңдөшүп, энесинин жанында ойноп жүрүшөт. Кантсин байкуш аксак, аларды көргөндө чуркап жетип барайын десе да туруууга шайы жок. Чыйп – чыйп этип ыйлап, жалгыз кала берет. Беркилер болсо энесинин ары жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып ойношот. Көргөн сайын ичи тызылдап:

Сканировано с CamScanner

## 1 – тыным. Суроолор:

1. Бала аксак балапанга кандай камкордук көрдү?

   **Ж:** Боорум ачып, күн сайын үч маал жем беремин.

2. Энесинин жанында канча балапан ойноп жүрүшөт?
   **Ж:** Аны менен бирге жарык дүйнөгө келген сегиз балапан бөжөңдөшүп, энесинин жанында ойноп жүрүшөт.
3. Эмне үчүн ичи тызылдайт?

   **Ж:** Ал дагы ойногусу келет. Беркилер болсо энесинин ары жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып ойношот.

**6-кадам**

- Бул балапандын буту кандайча төкөр болду эле? – деп сураймын.
- Мунун бутун доктурга көрсөтүп айыктырасаңар, - деп атама кайрылам.

**2 – тыным. Суроо** (жалпы)

1. Кимге кайрылат? (атама)

**7-кадам**

Атам оор улутунуп:

- Айтса айтайын, угуп ал, бул сага да керек. Балакеттин баары шоктуктан чыкты. Бу шоруң каткырга энеси канча жолу: «Бу жерден машина, араба, атчан кишилер өтөт, кокустук болот, обочо жүр» - деп эскертпеди дейсиң. А тиги түгөт көнөбү? «Энеке, мен жолдун аркы бетине бат жүгүрүп өтүп кетем» - деп жүрүп арабанын астында калып, аттын туягы жаза – буза серпиген көрүнөт… Өлбөсө, бир жамбашын сүйрөп жүрө берет да дегенде дагы каңырыгым түтөдү. Ошол окуядан кийин абайлап жүрө турган болдум. Аксак балапандай зар какшагым келбейт. Ким билет, айткан сөздү көкүрөккө бек түйүп жүрсө мындай кайгылуу абалга дуушар болбойт беле?

## 3 – тыным. Суроолор:

- Эмне үчүн балапан аксак болуп калыптыр?

**Ж:** Энесинин тилин албаганы үчүн.

- Энесинин айтканын укпаган балага эмне дээр элеңер?

**Ж:** Эненин айткан сөздөрүн, акыл – насааттарын угуш керек.

Макал «Карынын сөзүн капка сал»

Сканировано с CamScanner

... зар какшагым келбейт» дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**Ж:** Улуу адамдар айткан сөздү көкүрөккө бек түйүп жүрсөк мындай кайгылуу абалга дуушар болбойбуз, оорубайбыз.

**Физминутка: Жөжөлөр.** (слайд 0,31 мин).

**8-кадам.**

**Тастыктоо:** окугандан кийин + -

**Жыйынтыктоо.**

**Мугалимдин сөзү:** Балдар, бул божомолдоо иштин ар түрдүүлүгү - стратегиясы силерге кызыктуу болдубу? Чыгарманын маанисин түшүндүңөрбү?

- Бүгүнкү сабактан өзүңөргө эмнени ала алдыңар?
- Бул аңгемени окуп түшүнүдүк, тарбиялык мааниси энеде?
- Жол эрежесин дайыма сактоого ынандыңарбы?

**Үй тапшырма:** Аңгеме боюнча сүрөт тартып келүү.

**Баалоо – калыптандыруу:** Тооктун модели менен.

Сканировано с CamScanner


| Окуганга чейин | | Тастыктоолор | Окугандан кийин | |
|---|---|---|---|---|
| Макул | Макул эмес | | Макул | Макул эмес |
| + | | 1)Короодо аксак балапан бар. | | — |
| + | | 2)Уч маал жем берем. | ✓ | |
| | — | 3) Атама кайрылам. | ✓ | |
| + | | 4)Зар какшагым келбейт. | | — |

Сканировано с CamScanner









грессивный ребенок
edportal.ru

Сканировано с CamScanner



Сканировано с CamScanner